Нарын шаарындагы Эсенгул Ибраев атындагы жалпы орто билим берүүчү №4 мектеп

2022-2023-окуу жылына карата жалпы ата-энелер чогулушунун

**ТОКТОМУ**

27.09.2022-ж

Нарын шаары
Э.Ибраев атындагы
жалпы орто билим
берүүчү №4 мектеп

**Күн тартиби**

1. 2021-2022-окуу жылындагы аткарылган иштер (ЖРТ, УТБ жыйынтыктары, МКТИ иштер, билим сапаты, жетишкендиктер, аткарылбай калган иштер жалпы анализ мектеп директору.
2. 2022-2023- окуу жылына карата аткарыла турган иштер милдеттер (директор)
3. Кылмыштуулукту алдын алуу боюнча профилактикалык кеңештин курамын шайлоо
4. Ата-энелер комитетинин курамын шайлоо
5. Камкордук кенешинин курамын шайлоо
6. Кылмыштуулукту алдын алуу боюнча келишимдин мазмунун талкуулоо кабыл алуу.
7. 1-4 кл окуучуларына ысык-тамакты уюштуруу боюнча талкуулоо макулдашуу.

**Угулду**: Мектеп директору Керимбаева Аида Абитовна ата-энелер менен саламдашып, бүгүнкү жыйналыштын күн тартиби менен тааныштырды.

2021-2022-окуу жылындагы аткарылган иштер (ЖРТ, УТБ жыйынтыктары, МКТИ иштер, билим сапаты, жетишкендиктер, аткарылбай калган иштер жалпы анализ боюнча) мектеп директору отчет берди.

**1.** Өткөн 2021-2022 –окуу жылына карата 11-класстан 25 окуучу ОРТ тапшырышты, 1 окуучу тапшырган жок. 25 окуучунун ичинен 110 баллдан ашкан 11 окуучу болду. Бул көрсөткүч билим сапатынын 69%. Окуучулардын билим сапатын дагы көтөрүү үчүн ата-энелер мүмкүнчүлүктөрүнө жараша акы төлөөчү курстарга окутуп, мектеп менен тыгыз байланышып турса. УТБ, ЖРТ жогорку балл алган окуучулардын саны да көбөйөт деген ойдомун.

Директор өткөн 2021-2022-окуу жылында мектепте көптөгөн иштер жүргүзүлдү . НАМА уюму тарабынан мектепке 7 класс-кабинетке парта, стул, 7 смарт телевизор келди. Ошондой эле, “Бирге окуган сонун” проектиси менен бир кабинет толук жабдууланды. Мектепти аяктаган бүтүрүүчүлөрүбүз класс кабинеттеринин терезелерин пластиккке алмаштырып берип жатышат. Биз үчүн бул чоң жетишкендик. Бүтүрүүчүлөрүбүзгө ыраачылыгыбызды билдиребиз. Окуучулардын электрондук күндөлүктөрү да жакынкы мезгилерде ишке ашырылышы мүмкүн болуп жатат. Күндөлүктөгү баалар, окуучулардын мектепке келгени боюнча маалымат сиздердин телефонуңуздарга жиберилип турат. Бул келечекте ишке аша турган нерсе. ЖРТга даярдоону бүгүнкү күндөн баштообуз зарыл. Сиздер балдарыңыздарды акы төлөнүүчү курстарга жиберип окутуңуздар.

Жыйынтыгында окуучулардын билим деңгээли жогорулап, аталган тесттерден жогорку баллдарды алышат. Ар бир ата-эне баласына жакшы көңүл буруп, окуу курстарын каржылап, билимге үндөсө, анын акыбети кайтат деп ойлойм. Сабак учурунда окуучу туура эмес иштерге гана кабылып калса мектеп администрациясы жана класс жетекчи жооп бериши керек.  Ал эми мектептен сырткаркы убакта ата-энелер өздөрү жооптуу.

**Сунуш:** Ата- энелерден Акматова:  англис тили сабагы боюнча балдарды окутуу  үчүн воллентор керектигин билдирди.

**Күн тартибиндеги 2-маселе боюнча мектеп директору төмөндөгүдөй милдеттер боюнча маалымат берди.** 2022-2023- окуу жылына карата  жалпы окуучунун саны 936, анын 649 кыз бала, жалпы  35 класс  комплектиси, эки окуучу үйдөн окутуу программасы менен окутулат, бүгүнкү күндө жалпы 59 мугалим ишке чыкты. Жалпы кемчиликтерди жоюу 2020-2021-окуу жылында ишти сапаттуу жүргүзүү боюнча жаңы окуу жылына карата төмөндөгүдөй милдеттер коюлду.

1 ЖРТ, УТБ, Алтын тамга даярдоо жагын предметтик мугалимдерге, окуу бөлүмүнүн башчысы УБ, УК жетекчисине милдеттендирилди.

2. МКТИу боюнча: Эгемендүүлүк күнүнө, билим күнү, комуз күну, мугалимдер күнү, карылар күнү, Жаны жыл, мекенди коргоо, 8-март, Нооруз, Апрель окуялары Улуу Жениш, Балдарды коргоо күнү, Улуттук гвардия күнү, шаар күнү, Калпак, желек  күнү иш чараларына окуучуларды активдүү катыштыруу.

3 Жаш таланттар (бардык жанрлар боюнча МЖЖ, ЮИДД, Аскеридик патриоттук оюндар, жогорку жактан келген жоболорго ылайык бардык сынактарга, Мен Кыргызстандык экениме сыймыктанам, патриоттук ырлар,  Манас таануу сынактар, СПИДке каршы күрөшүү сынактары, спорттук спортакиадаларга сапаттуу даярдоо жагы  ийрим жетекчилери:Нургазиев Дамир, Омуралиева Жылдыз, Калдыбаев Бейшебай, Боронбаев Ишен, Дуйшеев Эркинбек, Аттокурова Арапкан, Омуров Айбек мектептен жана класстан тышкаркы иштердин уюштурууучусу Г.Мамбеталиевага  милдеттендирүү.

4. Предметтер боюнча мектеп ичинде айына жана чейрек сайын ачык тестерди алып, мониторинг жүргүзүп, алсыз жактарынын үстүнөн, аны жоюу максатында системалуу түрдө дайыма иштөө жана көзөмөлдөө.

5. Окуу китептеринин  жетишсиздигин жоюу, билим сапатын жогорулатуу боюнча информатика жана усулдук кабинетке интернет булактарын (КРББиМ сайттарына кирүү менен) туура пайдалануу, графигин түзүү, бекитүү.

6. Дене тарбия сабагынын, дене тарбия сабагы боюнча мектептен класстан тышкаркы иштерди алып баруунун сапатын жогорулатуу боюнча иштерди жүргүзүү жана көзөмөлдөө.

7. Ийрим иштеринин иштерин жакшыртуу, көзөмөлдөө.

8. Кылмыштуулукту алдын алуу боюнча 3 тараптуу келишимдерди түзүү аткаруу көзөмөлдөө.

9. Предметтер боюнча мамлекеттик стандарттар, окуучулардын мугалимдердин компетенттүүлүгүн жогорулатуу боюнча иштерди аткаруу жана көзөмөлдөө.

**Директор:** Мектептин китепканачысы жетишинче китептерди кластарга таратып берди, жетпеген китептерди ата-эне өзү сатып бериш керек. Окуучу китепте жок керектүү материалдарды интернеттен алып окушат. Мектеп компонентти орус тили предметине берилди. Сабакты 5-класс(орус) 1 сааттан, 5класс (кыргыз) 1 саат, жалпы 3 саат- орус тили мугалимдери Ишенбиева, Усубалиева, Кожомкулова өтөт.

**3-маселе боюнча мектеп директору** 2022-2023-окуу жылына карата мектептеги кылмыштуулукту алдын алуу боюнча профилактикалык кеңештин курамын шайлап алуу маселесин ата-энелерге сунуштады. Жалпы ата-энелер тарабынан бир добуш менен төмөнкүлөр проф кеңештин мүчөлөрү болуп дайындалышты.

1. Проф кеңештин төрайымы директор Керимбаева А.А.
2. Орун басары мектептен жана класстан тышкаркы иштери уюштуруучусу Г. Мамбеталиева
3. Мектептин социалдык педагогу К.Арпачиева

**4-маселе боюнча** мектеп директору 2022-2023-окуу жылына карата мектептеги ата-энелер комитетин шайлоону жалпы ата-энелерге сунуштады. Ата-энелер бир добуштан колдоп ата-энелер комитетинин төрайымы Капарова Жылдызты көрсөтүштү.

Ата-энелер комитетинин төрайымы: Капарова Жылдыз дайындалды.

8-9-10-11- класстын ата-энелер комитеттери проф кеңештин курамына мүчө болуп түзүлүштү.

**5-маселе:** боюнча мектеп директору жаңы 2022-2023-окуу жылына карата камкордук кеңешмин мүчөлөрүн шайлоо маселесин ата-энелерге киргизди. Жалпы ата-энелер кеңешип төрайым шайлашты.

Директор: Камкордук кеңештин төрагасы 2022-2023-окуу жылына карата бир жылдык иш план түзүп, бекиттирип алуусу керек.

**6-маселе:** Мектеп директору 3 тараптуу келишим менен ата-энелерди тааныштырып, талкуулап, чогулуштан кийин ар бир класстын ата-энелери келишимди толтуруп берүүлөрүн талап кылды. 3 тараптуу келишимде ата-энenin мугалимдин, окуучунун милдеттери жана кылмыштуулук боюнча толук маалымат алсаңыздар болот.

**7-маселе**: 1-4 кл окуучуларына ысык-тамакты уюштуруу боюнча талкуулоо макулдашуу.

Башталгыч класстардын 1-4-класстын окуучулары үчүн жалпы ата-энелер менен биргеликте бир чечимге келип мамлекет тарабынан берилген ысык тамакты гана берүүгө макул болушту.

**Жогорудагыларды угуп жана талкуулап чогулуштун катышуучулары**

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. 2021-2022-окуу жылындагы аткарылган иштер (ЖРТ, УТБ жыйынтыктары, МКТИ иштер, билим сапаты, жетишкендиктер), 2021-2022-окуу жылында аткарылбай калган иштер аткарууга алынсын.
2. 2022-2023- окуу жылына карата аткарыла турган иштер милдеттер аткарылсын. (директор)
3. Камкордук кеңешинин 1 жылдык отчету (доклод к/к төрайымы) канааттандырарлык деп табылсын.
4. Кылмыштуулукту алдын алуу боюнча профилактикалык кеңештин төмөндөгүдөй курамда шайлайсын:
   Проф кеңештин төрайымы директор А.Керимбаева
   Орун басары мектептен жана класстан тышкаркы иштери уюштуруучусу Г.Мамбеталиева
   Социалдык педагог К.Арпачиева

5. А/Э комитетинин курамы төмөндөгүдөй тартипте шайлансын.
   Ата-энелер комитетинин төрайымы : Капарова Жылдыз дайындалды.
   8-9-10-11- класстын ата-энелер комитеттери проф кеңештин курамына мүчө болуп түзүлсүн.
6. К/К курамы төмөндөгүдөй тартипте шайлансын.

   Төрайымы: Жылдыз Капарова
7. Кылмыштуулукту алдын алуу боюнча келишимдин мазмунун талкуулап кабыл алынсын.
8. Башталгыч 1-4 -кл окуучуларына мамлекет тарабынан берилген ысык тамак гана берилсин.

Директор: Керимбаева А.А